КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

ШАЙЫБЕК АТА
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ
АЙЫЛЬНОГО АЙМАКА
ШАЙЫБЕК АТА

**Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин кезектеги IV-сессиясы**

**Токтом №44**

**27.01.2025-жыл**

**Чон-Сары-Ой айылы**

# Шайыбек ата айыл аймагында турак үйлөрдүн жана жайлардын 2025-2027-жылдарына колдонулуучу салыктын ставкасын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-янарындагы №4 "Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Мыйзамынын 379,380 беренелерине кошумча жана өзгөртүү киргендигине байланыштуу жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн кирешелер жана инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адиси М.Ашировдун Шайыбек ата айыл аймагында мүлк салыгын ишке кирүүсүн бекитип берүү жөнүндө кайрылуусун карап, талкуулап чыгып, Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 18-янарындагы №4 "Салык кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө" Мыйзамынын 379,380 беренелерине ылайык турак үйлөрдүн жана жайлардын 2025-2027-жылдарына колдонулуучу салыктын ставкасы 13 сом өлчөмүндө бекитилсин

2. Токтомдун аткарылышы Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы У.Абдырахмановко жана Шайыбек ата айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Социалдык экономикалык бөлүмүнүн башчысы Ж.Учкемпировага жана кирешелер жана инвестиция тартуу боюнча жетектөөчү адиси М.Ашировго милдеттендирилсин.

3. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы Шайыбек ата айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин «Бюджет, финансы, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү» туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Т.Туйгунов**

*Г.Ормукова:*
*Жиберилди: иш кагазына-1, айыл Өкмөтү-1, кирешe бөлүмүнө-1, мин юст баш-2.*